«Каралды»

КИПКнин окуу-усулдук кеңешинин

2021-жылдын 2-февралындагы

№ 3-отурумунда.

ОУКнин төрайымы: Ч.А.Мадиярова

«Бекитилди»

КИПКнин Педагогикалык Кеңешинин

2021 -жылдын 10-февралындагы

№ 3 отурумунда.

Пед. Кеңештин төрайымы: Л.Муратова

# Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжиндеги кызыкдар тараптардын жазуу жүзүндө кайрылуулары үчүн «Ишеним кутучасы» жөнүндө Жобо

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо БУУнун «Балдар укугунун конвенциясына», Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын «КРнын жарандарынын кайрылууларын кароо тартиби» жөнүндө мыйзамына, колледжин Уставына негизделип түзүлдү.

1.2. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогиалык колледжинде окуган студенттердин, алардын ата-энелеринин, кызматкерлердин «Ишеним кутучасына» жазуу жүзүндөгү сунуштарын кароо тартибин аныктайт.

1.3. «Ишеним кутучасы» окуу корпусунун 1-этажында жайгашкан.

1.4. Кайрылуулар анонимдүү жана кол коюп тастыкталган болуусу мүмкүн.

1.5. Бул Жобо колледжде административдик мыйзам бузуулардан алдын алуу, профилактикалык иштерди эффективдүү жүргүзүү жана жарандар менен ачык-айкын байланышта болуу максатында түзүлдү.

## II. Негизги максаттар жана милдеттер

2.1. Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинде «Ишеним кутучасын» уюштуруунун максаты:

- билим берүү процессинин субъекттерине маселелерин чечүүдө психологиялык, педагогикалык жана укуктук (студенттерге, кызматкерлерге, ата-энелерге) жардам көрсөтүү;

- «Ишеним кутучасына» түшкөн купуя же жашыруун кайрылууларды, арыздарды, маселелерди ыкчам кабыл алуу, каттоо жана өз убагында талдоо болуп саналат.

2.2. «Ишеним кутучасын» уюштуруу менен төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:

- Колледжде окуган студенттерге карата мыйзамга каршы аракеттерден, административдик мыйзам бузуучулуктан алдын алуу жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча кат жүзүндөгү сунуштарды талдоо, тиешелүү адистерге мөөнөтүндө жөнөтүү;

- «Ишеним кутучасына» түшкөн кайрылууларды мыйзам чегинде кароо менен тиешелүү чечимдерди чыгаруу.

## III. «Ишеним кутучасынын» ишин уюштуруунун тартиби

3.1. Билим берүү процессинин субъекттерине «Ишеним кутучасы» иштеп жаткандыгы, максаты жөнүндө түшүндүрүлүп, маалыматтык стендке, колледждин сайтына жайгаштырылат.

3.2. «Ишеним кутучасынын» иштөө убактысы күн сайын саат 8:00дөн 17:00гө чейин;

3.3. «Ишеним кутучасынан» кайрылууларды алуу бир айда бир жолу тиешелүү адис тарабынан жүргүзүлөт.

3.4. Кайрылуулар алынгандан кийин;

- журналга катталат;
- компетенциясына ылайык тиешелүү аткаруучуларга жөнөтүлөт.

## IV. Кайрылууларды каттоо

4.1. «Ишеним кутучасынан» алынган кайрылуулар «Маалыматтарды каттоо журналына» катталат (мындан ары-журнал).

4.2. Журналдын беттери коюлуп, печать менен бекитилип төмөнкүдөй графалардан туруусу керек:

- кайрылуулардын катар номери (жыл сайын номер коюу 1-январдан башталат);
- кайрылуулардын убактысы, мөөнөтү;
- кайрылууну жазган жарандын аты-жөнү, контакттык номери (эгер анономдүү кайрылуу түшсө «аноним» деп белгиленет);
- билим берүү процессинин субъектинин статусу (студент, педагог, ата-эне);
- кайрылуунун кыскача мазмуну;
- кайрылуунун кызматтык адамга кароо үчүн багытталганы, кароо мөөнөтү;
- кайрылуунун каралгандыгы жөнүндө белги.

4.3. Журналдын сакталуу мөөнөтү иш кагаздардын номенклатурасына ылайык аныкталат.

4.4. Анализдөөнүн жыйынтыгында мыйзам чегинде өзгөртүүлөр киргизилет.

## V. «Ишеним кутучасына» түшкөн кайрылуулар менен иштеген адистин милдеттери жана укуктары

5.1. «Ишеним кутучасы» менен иштеген адис төмөнкүлөрдү билүүсү зарыл:

- КРнын Эмгек кодексин;
- КИПКнин нормативдик-укуктук документтерин;
- психологиянын негиздерин;
- мамлекеттик, социалдык, атайын мекемелер жөнүндө маалыматтарды.

5.2. Адис зарыл болгон учурда купуялуулукту сактоосу керек.

5.2. Адис компетенциясына дал келген учурда тиешелүү чечимдерди чыгарууга жана жоопкерчиликти алууга укуктуу.

## VI. Жобонун мөөнөтү

6.1. Бул Жобонун мөөнөтү чексиз;

6.2.Нормативдик-укуктук документтерге өзгөртүү киргизилген учурда Жобого өзгөртүүлөр киргизилет.

***Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык***

***колледжинин окуу-усулдук кеңеши***